DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Темиралиева Г.Т.*

# ӨЗГӨН ТАРЫХЫЙ-АРХИТЕКТУРАЛЫК КОМПЛЕКСИ ИСЛАМ АРХИТЕКТУРАСЫНДА

*Темиралиева Г.Т.*

# ИСТОРИКО-АРХИТЕКТУРНЫЙ КОМПЛЕКС УЗГЕН В ИСЛАМСКОЙ АРХИТЕКТУРЕ

*G. Temiralieva*

# HISTORICAL AND ARCHITECTURAL COMPLEX UZGEN IN ISLAMIC ARCHITECTURE

*УДК: 94 (575.2) (04)*

*Өзгөн шаары бүтүндөй Борбордук Азиядагы эң байыркы шаарлардан. Шаар араб, фарсы, түрк тилдеринде жазылган даректерден белгилүү болду. Өзгөн б.з.ч. 1-миң жылдыктын аягында 70тен ашуун чоң жана чакан шаарлары, күлүктөрү менен белгилүү болгон Давань мамлекетиндеги ири шаарлардын бири болгон. Андыктан шаардын пайда болушу б.з.ч. II-I кылымдарга таандык. Шаар азыр да жер алдындагы куурлар, өтмөктөр, бышпаган жана бышкан кирпичтерден, паксадан курулган дубалдардын бөлүктөрү сыяктуу бир топ маданий катмарга ээ. Өзгөн Карахандар мамлекетинин тушунда батыштагы борбору болгон кезинде гүлдөп өнүккөн. Түрдүү архитекуралык курулуштар салынып, соодагерлерди тейлеген кербен-сарайлар, таш төшөлгөн жолдору менен ислам маданияты, архитектурасы өнүккөн шаарга айланган. Ислам маданиятындагы архитектуралык стиль жакынкы Чыгышта VII кылымдарда пайда болуп, мусулмандар каратып алган Индия, Иран, Орто Азия жана башка аймактарга тараган. Ислам архитектурасындагы өзгөчөлүктөр катары саналган кумпалар, көп кабаттуу үйлөрдүн бийиктигине тең мунара жана медресе, мавзолейлердин курулушу эсептелет. Өзгөндөгү мунаранын алгачкы 44, 7 метрден ашкан бийиктиги эле бул сөзүбүзгө күбө.*

***Негизги сөздөр:** Карахандар мамлекети, ислам маданияты, ислам архитектурасы, ислам дини, мунара, мечит-медресе, мавзолей, искусство.*

*Узген – один из древнейших городов Средней Азии. Город был известен по сведениям, написанным на арабском, персидском и турецком языках. В конце 1-го тысячелетия до нашей эры Узген был одним из крупнейших городов в государстве Давань, который известен своими более чем 70 большими и маленькими городами и небесными лошадями. Следовательно, зарождение города восходит к II-I векам до нашей эры. В городе все еще есть культурный слой, такой как подземные трубы, водопропускные трубы и части стен из обожженного и необожженного кирпича и пакса. Узген процветал во времена государства Караханидов, как его западная столица. Город прославился исламской культурой, развитой архитектурой и своими мощными дорогами, караван-сараев, которые обслуживали купцов. Архитектурный стиль исламской культуры появился на Ближнем Востоке в VII веке и распространился на оккупированные мусульманами Индию, Иран, Среднюю Азию и другие территории. К особенностям исламской архитектуры можно отнести строительство медресе и мавзолеев, башен, где их высота равна на высоту многоэтажных домов. Первоначальная 44 метровая высота башни в Узгене является доказательством нашего мнения.*

***Ключевые слова:** Караханидское государство, религия ислам, исламская культура, исламская архитектура, минарет, мечеть-медресе, мавзолей, искусство.*

*Uzgen is one of the oldest cities in Central Asia. The city was known for information written in Arabic, Persian and Turkish. At the end of the 1st millennium BC, Uzgen was one of the largest cities in the state of Davan, which is famous for its more than 70 cities and towns and heavenly horses. Consequently, the origin of the city dates back to II-I centuries BC. There is still a cultural layer in the city such as underground pipes, culverts, and parts of fired and adobe walls. Uzgen flourished during the Karakhanid state as its western capital. The city became famous for its Islamic culture, advanced architecture and its paved roads, caravanserais that served merchants. The architectural style of Islamic culture appeared in the Middle East in the 7th century and spread to the Muslim-occupied India, Iran, Central Asia and other territories. The features of Islamic architecture include the construction of madrasahs and mausoleums, towers, whose height is equal to the height of multi-story buildings. The original 44m high tower in Uzgen is proof of our opinion.*

***Key words:** Karakhanid state, religion Islam, Islamic culture, Islamic architecture, minaret, mosque-madrasah, mausoleum, art.*

X-XII кылымдарда Орто Азиянын аймагында, анын ичинде Кыргызстанда алгачкы мусулман түрк мамлекети катары таанылган Караханийлер мамлекетинин доору өттү. Караханийлер заманында экономикалык, социалдык, маданий прогрессивдүү жылыштар болгондугу тарыхтан белгилүү болуп калды. Карахандар каганатында (940-1212) ислам дини мамлекеттик макамга ээ болгон. Бир катар түрк жана кыргыз уруулары XII кылымдын башталышына чейин исламдашууга өткөн дегенибиз менен жергиликтүү элде мурунку диний ишенимдер калыптанып калгандыктан адегенде отурукташкандары ислам динин кабыл алышкан [2]. Ага байланыштуу Кыргызстандын аймагында ислам дини XVII кылымдарга барып толук орноп бүткөн. Ислам дининин орношу менен дин гана эмес жалпы араб илими, араб цивилизациясы кошо келди. Дал ошол доордо шаар курулушу өрчүгөн, көркөм адабият, илим, билим кеңири тараган. Фарсы, араб тилдүү өнүккөн адабият менен катар түрк тилдүү адабият калыптана баштаган. Энциклопедиялык масштабдагы орошон ойчулдардын чыгармалары негизинен араб тилинде, ал эми поэзия дээрлик иран тилинде жаратылган. Мамлекеттин карамагына кирген чөлкөм исламдын тийгизген оң таасири менен илимий, маданий өнүгүүдө болду. Ал кездеги Кыргызстандын аймактарында жашаган улуу агартуучулардын, мисалы Жусуп Баласагын, Махмуд Кашкари, Абу Бакр Ас

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Сарахси, Өзгөндүк шейх Бурхан ад-дин Кылыч, Сулейман ал-Оши, Мансур ал-Оши жана башкалардын чыгармалары муну тастыктап турат. Карахандар өлкөсү Швецариялык чыгыш таануучу Адам Мец илимге киргизгендей «Мусулмандык ренессанс» жүрүп жаткан аймакка кошулган [6]. Мусулман дүйнөсү Жакынкы, Орто жана Ыраакы Чыгыштын кээ бир өлкөлөрүн, Түштүк-Чыгыш Азияны, Түштүк-Чыгыш Азияны, анын ичинде Азиянын сыртында жайгашкан аймактарды камтыган. Ошондуктан, чыгыш мусулмандардын орто кылымдардагы искусствосу тууралуу сөз болгондо, биз Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүнүн, анын ичинде Африканын түндүгүн жана Испаниянын түштүгүн, Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүн, анын ичинде Орто Азияны жана Кавказдын чыгыш региондорун (азыркы Азербайжан), ошондой эле азыркы Россиянын европалык бөлүгүндө жайгашкан Түндүк Кавказ жана Волга боюндагы аймактарды эске алабыз.

Адатта окумуштуулар мусулман дүйнөсүнүн зор салымысыз Европада эч кандай Кайра Жаралуу доору болмок эмес деп эсептешет. А чындыгында миң жылга чейин ислам баарынан чоң географиялык аймакты кучагына алган дүйнөнүн алдыңкы цивилизацияларынын бири болгон. Андай болсо бул цивилизация исламдык Кайра Жаралуу доорун жана анын туундусу болгон Батыштагы Кайра жаралууну «Ренессансты» ачып берет. Мисалы, Испаниядагы эң кооз эки эстелик ислам искусствосунун үлгүсү болуп саналат: алар Кордовадагы Улуу мечит менен Гранаданын Альгамбрасы. Бул эки имарат ачык, жаркыраган жана көркөмдүү, арабескалар менен каллиграфияга жана геометриялык оймолорго бай [1, 38-б.]. Араб каллиграфиясы архитектура сыяктуу эле мусулман дүйнөсүндө искусствонун маанилүү формасы болуп саналат. Адегенде Курандын баштагы көчүрмөлөрү жантык скрипт менен жазылган [1,41]. Мусулман дүйнөсүнөн бүгүнкү күндө да бай дизайн менен жасалгаларды жана кооз каллиграфияны, китептик иллюстрацияларды, миниатюрдук живописти жана иллюминацияланган кол жазмаларды көрүүгө болот. Геометриялык оймолору бар арабескалар исламдык эстетикага мүнөздүү форма болуп саналат.

Ал эми көрүнүктүү орус окумуштуусу, белгилүү чыгыш таануучу, академик Н.И. Конрад XIV кылымдагы Италиядагы Кайра Жаралууга чейин эле IX-XII кылымдарда Чыгышта ушундай жанданууунун болгондугун, андан соң ал процесс бүтүндөй Европага жайылгандыгын көрсөтөт. Ал мындай жыйынтыкка Чыгыш цивилизациясынын тарыхын изилдегенден кийин келген жана илимге «Чыгыш Ренессансы» деген түшүнүктү киргизген. Андай болсо алдыда биз сөз кылчу Өзгөн мунарасы, Карахандар өкүмдарларынын мавзолейи да ошол чыгыш цивилизациясынын өркүндөгөн архитектуралык курулушунун бир далили болуп калат. Негизи ислам маданияты ислам дүйнөсүнүн жана мусулман элдерине тийиштүү болгон өсүп-өнүгүүнүн бардык процесстерин камтып турат. Диний идеология өз учурунда маданий архитектура жаатында да жаңы тапшырмаларды койгон. Натыйжада жаңы маданий курулуштар мечиттер, медреселер жана мавзолейлер пайда болгон. Акырындап жүрүп ислам өлкөлөрүндөгүдөй эле Өзгөндө да курулган мечиттер, медреселер, мунаралар шаар куруу, саясий, социалдык мамилелеринде башкы курулуштарга айланат. Исламда мечиттер «жамаат намаз жана башка ибадат кылуунун түрлөрү үчүн» деп аныкталат. Ошондой эле диний билимге, руханий жашоого таанытуу жайы катары түшүндүрүлөт. Бышырылган же бышырылбаган кирпичтер, таш, гипс, жыгач жана камыш, кийинчерээк мрамор плиталары курулуштун негизги материалдарын түзгөн. Курулушта ислам ачык көрсөткөн архитектуралык элементтер: арабеска, симметриянын пайдаланылышы, михраб, ачык түстөгү өңдөр, аркалар, мукарнас, машрабия, айван, колонналар аркылуу так аныкталып турат. Андыктан Р. Хилленбранддын мечиттерди «ислам архитектурасынын ачкычы» деп атагандыгы жана бул метафора көптөгөн изилдөөчүлөр тарабынан азыр да кайра-кайра кайталанып келиши жөн жерден эместиги маалым болот [5, 123-б.]. Ага байланыштуу иликтөө ишибизде мусулман искусствосунун мыкты орнаменттик үлгүлөрүнүн так ушул мечиттерде көрсөтүлгөндүгүн белгилейбиз.

Ошентип, Карахандар мамлекети 1041-1042-жылдары каганат өзүнчө чыгыш жана батыш каганаттыгына бөлүнөт. Мында борбору Баласагун болгон Чыгыш каганаты (кийинчерээк Кашкарда), ал эми борбору Өзгөн болгон Батыш каганаты (кийин Самарканд болгон) өз алдынча өнүгүүнүн жолунда болот. Ал мезгилде маданият борборлору өкүмдарлардын, аймак башкаруучуларынын жашаган жери болгон. Ошондуктан батыш каганаттын борбору болгон Өзгөндө ислам архитектурасынын өнүккөндүгүн көрсөткөн тарыхый архитектуралык курулуштар салынат. Өзгөн мунарасы тууралуу сөз кылганыбызда адегенде мунара сөзүнүн этимологиясына маани берүү абзел. Орус тилиндеги башня (мунара) сөзү [-nja] суффиксин кошуу менен батыш славян тилдеринин ортомчулугу аркылуу адегенде италия тилинен келген. Көптөгөн изилдөөлөр бул сөздүн биринчи жолу XVI кылымда пайда болгондугун белгилейт. Жазуучу жана котормочу А. Ф. Рихтер (XVIII к.) «Исследования о влиянии монголо-татар на Россию» деп аталган эмгегинде «башня» сөзүн түрк тектүү сөзгө байланыштырган. Татар лингвисттери да «башня» сөзүнүн баш - «голова», «вверх», «вершина» түрк тилдүү сөздөн келип чыккандыгын белгилешет. Мындай чечмелөөлөрдүн жыйынтыгы чыгыш таануучу Н.И. Конрад-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



дын иликтөөлөрүнүн туура болгондугун дагы бир жолу ачык эле далилдейт. Анткени мунара курулуштары (Бурана, Өзгөн) XI-XII кылымдарда эле Караханийлер доорунда курулбады беле? Ал эми «мунара» кыргызча аталган сөзү түбүндө араб тилинен алынып (мэначэ), атайын салынган бийик курулушту билдирет.

Жогоруда белгилегендей Өзгөн мунарасынын курулушу болгон мезгил «Мусулманчылыктын жана Чыгыш Ренессансынын (кайра жаралуунун)» мезгилине туура келип, ал учурдагы ислам архитектурасынын салттык технологиясын да өзүнө камтыган. Тактаганда бышкан кыштан кыналып дубалынын бийик курулгандыгы, куполу, Карахан өкүмдарларынын мавзолейине, мечитке жакын жайгашкандыгы, кире бериш эшигинин кыбыла жакты каратылышы ал учурдагы ислам архитектурасынын компоненттерин көрсөтүп турат. Мунаранын сырткы көрүнүшү, көркөм кооздолушу да өзгөчө. Мунара конструкциясы жагынан Буранага окшош: сегиз кырлуу пайдубалдын үстүнө курулган. Өлчөмдөрү деле бирдей. Демек Өзгөн мунарасы ошол эле Бурананын композициясын кайталаган. Бирок Өзгөн мунарасынын кирпичтен жасалган декорациясы бир топ эле кооз. Андагы орнаменттин түрлөрү: татаал өрмө, мелиандр, гүлдөр, каршы-терши айкалышкан чиймелери бар ромбдор. Демек мунаралардын курулушунда көркөм эстетикалык образы кийинчерээк пайда болгондугун жана орто кылымдагы усталарда бир топ эле тажрыйбалар акырындап топтолуп калгандыгын байкоого болот. Мунаранын сырттан караганда бош көрүнгөн ичинде 54 ички тепкичтери бар. Атайын желдетүү максатындагы терезелер ошол учурдун архитектурасынын өнүккөндүгүн айгинелейт. Мунара мусулмандарды азанга чакырууга арналган, согуш учурунда болсо кароол катары пайдаланылган. Ошондой эле мунара шаардын ортосуна курулгандыктан маяк катары да кызмат кылгандыгын кошумчалай кетүүгө болот. Сириядагы, Египеттеги жана Турциядагы ислам архитектурасынан айырмаланып Орто Азиядагы минареттер мечит-медреселерден өзүнчө курулгандары кездешет. Өзгөн мунарасы да мавзолейден жүз метр аралыкта курулган жана шаарга кирген-чыкканды карап байкоого, элди намазга чакырууда мыкты кызматты аткарып турган. Демек шаардын облигинде мурунтан эле мунаралардын бийиктиги чоң роль ойноп келгендигин билүүгө болот [4].

Өзүнчө турган минареттер адатта мечиттердин алды тарабында мисалы, Хивада, Бухарада, Каирде жана анын катарында Өзгөндө курулгандыгын байкоого болот. Өзгөн мунарасынын жанында мурун мавзолейден башка мечиттин курулушу болгон бирок, ал биздин күндөргө келип жеткен эмес. Ошондой эле аталган мунараларда дегеле бүтүндөй Орто Азияда курулган минареттерде типологиялык белгилери жагынан мисалы, түпкү тарабы подиум менен башталып, көп кырдуу цоколь, конус сымал түркүк, цилиндр түрүндөгү бийиктиги жана түркүктүн уч жагында фонарь сыяктуу бир топ бөлүктөргө ээ окшоштуктар бар. Бүгүнкү күндөрдө да Өзгөн мунарасы тууралуу анын архитектуралык-көркөм образы, типологиясы, генезиси тууралуу маселелер көптөгөн өлкөлөрдүн илимпоздорун кызыктырып келүүдө.

Ал эми мавзолей тууралуу маалыматтар абдан кенен берилип коомчулукка маалым. Белгилүү болгондой эле, эң алгачкы курулган мавзолей бул ортоңкусу болуп саналат. Окумуштуу Кон-Винердин изилдөөсүнө караганда ортоңку мавзолей 1012-1013-жылдары курулган жана бул Карахандардын төбөлү Наср ибн Алиге арналган. Орто Азиянын архитектуралык эстеликтерин изилдөөчү Засыпкин Б.Н, ортоңку мавзолей сырткы түзүлүшү боюнча эң алгачкы мавзолей экендигин айткан. Окумуштуунун ою боюнча мавзолей шаардын батыш тарабындагы кире бериш дарбазасы катары да тургузулган. Кара-Дарыяны бойлой өткөн жолоочулар, кербендер ал жерге зыярат кылуу үчүн кайрылышкан. 1920-жылдары бул мавзолей реставрацияланган (калыбына келтирилген). ортоңку мавзолей кулай баштаган мезгил болгон. Себеби түндүк мавзолейдин түштүк-батыш бурчундагы колоннасы ортоңку мавзолейдин колоннасынын ордуна тургузулган. Курулуштагы ушул эле ыкма түштүк тараптагы мавзолейди курууда да колдонулган. Ортоңку мавзолейдин чыгыш фасадындагы колонналардан анча-мынча фрагменттери гана сакталып калган. Түндүк мавзолейди курууда усталар өз чеберчилигин андан-ары жакшыртып, өз ишинде колдонушкан. Усталар бардык аракетин бул мавзолейдин негизги фасадын тургузууга жумшашкан, ошон үчүн түндүк мавзолейдин фасады ар кандай орнаменттерге оюу-чиймелерге бай жана мавзолейди тургузууда жылмаланган кирпичтер, терракоталар колдонулган. Негизи жогоруда да белгиленгендей ислам дүйнөсүндө ыйык китепти көчүрүп жазуу, аны кооздоп жасалгалоо көркөм чыгармачылыктын маанилүү түрүнө айланып, муну менен каллиграфтар өздөрү гана эмес башкаларга да эстетикалык рахат тартуулай алышкан [3, 211]. Мавзолейдеги колонналар дагы көңүл бурдурат, алардын диаметри 83-88 см, майда кирпич менен айланта кооздолгон. Ал кооздукту курулуш жүрүп жатканда жа-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



сашкан, кооз кирпичтердин калыңдыгы 16-17 см, колонналардын сыртынын бир аз түзүрөөк эмес экени байкалып, толкун сымал болуп турат. 1920-жж окумуштуу А.Ю. Якубовский түндүк жана түштүк мавзолейдеги жазууларды чечмелеп, алардын күнүн аныктаган. Ал жазууларда: *«Бул Давлет хан Мустафа Мухаммед хижранын 547-жылынын төртүнчү айында 3-күнү башталган. Алла анын өзүн, үй-бүлөсүн жана жанөжөкөрлөрүн колдосун. Алла улук»,* - деп жазылган. Бул текст нахс жазуусу менен жазылган. Жазуунун максаты Караханид мамлекетинин өкүмдарларынын ысымдарын түбөлүккө калтыруу менен бирге ислам динин жайылтуу экенин ачык байкоого болот.

Эми мавзолейдин кооздолушуна маани берүү менен ал мезгилдин архитектурасына, ошол эле учурда диний, мамлекеттик саясий кызыкчылыктарга курулуш аркылуу да таасирдин болгону тууралуу сөз кылалы. Үч күмбөздүн (ортоңку күмбөз XI кылымда 1012-1013-жылдарда, түндүк жагындагы күмбөз 1152-жылы, түштүк жагындагы үчүнчүсү 1186-1187-жыдарда курулган) тең сырткы декорлорундагы геометриялык оймолору бар арабескалар исламдык эстетикага мүнөздүү форма болуп саналат. Өзгөчө түндүк мавзолей бир топ эле жакшы курулган. Анда кооз орнаменттердин болушу, жылмакай кирпичтер, терракоталар колдонулгандыгы менен айырмаланат. Мусулман архитектурасында адатта декордун элементи катарында Курандан алынган тексттер пайдаланылган. Же болбосо ошол объекттин ичинде жогоруда белгиленгендей көмүлгөн инсандын ысымы жазылган. Бул көрүнүш бир эле учурда маалыматтык жана эстетикалык, диний багытты камтый алган чеберчиликти көрсөтөт. Өзгөндөгү мавзолейдеги Карахандар өкүмдарларынын ысымдары да өтө кооздолуп, оймолонуп жазылган. Түз жана бурчтуу сызыктары менен жазылып араб жазуусунун эски формасы болгон куфи жазуусу, андан кийин насх жазуусу менен жазылган тексттер да мавзолейдин көркөмдүгүнө көрк кошкон. Андыктан араб каллиграфиясы архитектура сыяктуу эле мусулман дүйнөсүндө искусствонун маанилүү эпиграфикалык формасы же болбосо орнаменттин экинчи тиби болуп эсептелет. Адатта ислам архитектурасында сыйынып зыярат кылуучу ички жакка кире бериштеги үстүдөгү арка кооздук үчүн колонналар арасында жайгашат. Көп жылдыздуу майдаланган түрдүү геометриялык жана өсүмдүктөрдүн мотивиндеги фигуралар металлдан же жыгачтан жасалып мечиттердин башкы порталындагы эшикке орнотулат. Өзгөндөгү мавзолейде дагы өзгөчө кирүүчү эшиги бар батыш фасады порталдуу болуп, темир панжара менен тосулуп кооздолгон. Мындай кооздоолор ислам курулуштарына дайыма салтанаттуу, сүрдүү бирок майрамдык түр берип турган.

Орто Азияда жана Индияда маданий ислам курулуштары порталы түстүү керамикалар менен жасалган мозаикалар аркылуу кооздолгон. Бирок бул иштер кийинчерээк 1619-жылдарда шаар куруунун жаңы багыты катары жасала баштаган. Ага мисал катары Самарканддагы Шир-Дор медресесин атоого болот. Ал эми Өзгөндөгү мавзолей жана мунаранын курулушу салыштырмалуу көрсөтүлгөн мезгилден бир топ мурун болгондуктан кыштарды гүлдүү кыноо, ганч оймолору, оймо-чиймелүү терракота кеңири колдонулган. Демек ислам маданиятында өзгөчө орун алган архитектуралык курулуш улам өнүккөндүгүн билдирип турат. Ошентип, Өзгөн мунарасы, тарыхый – архитектуралык комплекси түзгөн мавзолей ислам архитектурасына таандык болуп XI–XII кылымда жогорку деңгээлде гүлдөп-өскөндүгүн көрсөтүп турат.

Өз мезгилинин ири исламий мамлекети болгон Араб халифатынын тарыхый мезгили VIII-XIII кылымдарды камтып, басып алган аймактарда ислам цивилизациясын пайда кылды. Жалпы түрк дүйнөсү менен араб дүйнөсүнүн көп кырдуу маданиятын жуурулуштуруп жалпы адамзатка орток баалуулуктарды түзө алды. Кыргызстандын тарыхында да Карахандар доорун ислам цивилизациясынын жаркын өнүгүүсү болгон алтын доор деп эсептөөгө болот. Ислам дининин аймакка келиши жана таралышы жалпы экономикада, мамлекеттик түзүлүштө, укукта, социалдык мамилелерде жана маданиятта, искусстводо терең из калтырды.

Ислам дининин аймактарда орун алышынан улам келип чыккан ислам архитектуралык стили өз ичине мунара, мечит-медресе сыяктуу диний объекттерди камтыгандыгы менен өзгөчө белгиленди. Ислам архитектурасындагы өзгөчө стиль Жакынкы Чыгышта VII кылымдан пайда болуп, андан ары орто кылымда Индия, Иран, Кавказ, Кичи Азиянын аймактарына жана Орто Азияга анын ичинде Кыргызстандын аймагында өнүккөн. Архитектуралык курулуштарда убакыт өткөн сайын техникалык ыкмаларында өсүү жүрүп жана курулуш материалдарынын бекемдиги, кооздугу алдыңкы орунга чыга баштаган. Арасы 100 жылдай айырмасы бар Бурана жана Өзгөн мунаралары, түрдүү жылдарда курулуп, бирок бир комплексти түзгөн Өзгөн мавзолейи ага күбө.

Ислам динин, маданиятын жайылтууда мунаранын, Карахандар өкүмдарларынын мавзолейинин ро-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



лу бар экендиги көрүнүп турат. Аталган архитектуралык курулуштар азыр бизге бир эле учурда Карахандар доорундагы архитектуралык курулуштардан, чөлкөмдө ислам маданиятынын жайылышынан, мусулмандардын искусствосунан, дүйнө таанымынан кабар берип турат. Андыктан Өзгөн мунарасы жана мавзолей мусулман архитектурасынын уникалдуу эстелиги катарында Карахандар мамлекетинин доорун, Өзгөн аймагынын тарыхын изилдөөдө, керек болсо Азиядагы диндин, маданияттын, ислам архитектурасынын өнүгүшүн иликтөөдө эң бир баалуу тарыхый булактын өзөгүн түзө алат деп ишенимдүү айтууга болот. Ал мезгилдин архитектуралык стили бүгүнкү күндөгү заманбап курулуштарды долбоорлоодо жана курууда өркүндөтүлгөн формада колдонулуп жаткандыгын белгилөөгө болот. Андай болсо мусулман архитектурасы дүйнөлүк архитектуранын өнүгүшүнө да олуттуу салым кошкондугун белгилөө биздин пикирибизде туура болот.

**Адабияттар:**


1. Ахмед Этта, Отман Али. Ислам цивилизациясындагы изилдөөлөр: Кайра жаралуу дооруна мусулмандардын кошкон салымы. - Б., 2020. - 51-б.
2. Жусубалиев А. Кыргыздардын мусулмандашуу тарыхы. - Б., 2016. - 320-б.
3. Исаков К.А. Исламдагы искусствонун эстетикалык табияты / Известия вузов, №11. - Б., 2014. - 211-б.
4. Иманкулов Д. Монументальная архитектура юга Кыргызстана. - Б., 2005. - 227-б.
5. Кононенко Е.И. Архитектура мечети как объект интерпретации // Вестник СПбГУ Искусствоведение. - СПбПУ, 2018. Т.8. вып.1. - С. 123.
6. Мец А. Мусульманский Ренессанс. - М., 1997. - С. 475.